ЛИТЕРАТУРА

1. Сенашенко В. Магистратура: Состояние и перспективы // Высшее образование в России. -№2, 1999.
2. Сенашенко В. Магистратура: Свобода выбора и свобода маневра //Высшее образование в России. -№3, 2000.
3. Положение о магистратуре ЦМАНОП КНУ. -Б., 2005.
4. Государственный образовательный стандарт высшего образования. 510100-Математика. Утв. 1999.
5. Положения «О Праве Записи на третий уровень высшего образования» в КНУ.-Б., 1999.
6. Сборник учебно-методических материалов. Утв. МО КР. № 209/1 от 15 мая 2001.-Б., 2001.

УДК 37:370:379.36

А.Т.Калдыбаева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# КАЛЫК АКЫЕВ ЖАНА ЖЕҢИЖОКТУН МУРАСТАРЫНДАГЫ ГУМАНИСТТИК САПАТТАРГА ТАРБИЯЛОО САЛТТАРЫ

*Билим берүүнүн гумандаштыруу маселеси азыр дүйнөлүк практикада өтө курч коюлууда. Ыйман сабагы, кыргыз адабияты предметтерин окутууда элдик акындардын чыгармаларындагы гуманисттик идеяларды бөлүп алуунун эки багыты бар. Биринчиси, окутуу технологияларын гумандаштыруу, б.а. акындардын ырларын талдоо аркылуу "окуучу – окуучу" жана "мугалим - окуучу – акын" мамилесин гумандуу алып баруу; экинчиси, билим берүүнүн мазмунун гумандаштыруу, мисалы, мында акындын ырларындагы гуманизм идеяларын бөлүп чыгып, аларды окуучуларга жеткирүү жана адамгерчилик тууралуу талаш-тартышка чакыруу, ушулар аркылуу балдардын гуманисттик сезимдерин калыптандыруу*

Кыргыздарга диндик жана тилдик жактан жакын болгон улуттар боюнча адистешкен этнопедагог изилдөөчүлөр ар түрдүү элдердин элдик педагогикалык традицияларын анализдеп келип, алардагы гуманисттик тенденциялар катары төмөнкүлөрдү белгилешет:

М.И.Вайберт (Чуваш пединституту): үй-бүлөлүк тарбиялоодогу гуманизм; эмгектин жалпы коомдук маани-маңызы; улуттук менен интернационалдыктын биримдик принциби; жалпы адамзаттык баалуулуктарга – адилеттүүлүккө, ак көңүлдүүлүккө, токтоолукка, коомдук идеалдарга берилгендикке, өз ара көмөктөшүүгө артыкчылык берүү принциби

И.Э.Ярмакеев (Казан пединституту): татар элдик педагогикасында гуманисттик идеялар биринчи кезекте бардык материалдык баалуулуктарды жаратып жаткан эмгекчил адамды урматтоодон, улууларды ызаат кылып сыйлоодон, улуттун башкы белгиси болгон меймандостуктан, адамдарга жакшы мамиле кылуудан көрүнөрүн айтат. Татар элинде "Сыйламага сыең булмаса да, сыйпамага телең булсун" ("сыйлаганга тамак-ашың болбосо да, жакшы сөзүң болсун" деген мааниде) деген макал кеңири тарагандыгын белгилейт

Н.Т.Лакашия (Абхаз мамуниверситети): балдар менен чоңдор чогуу эмгек кылып, өз ара жардамдашууну үйрөнүүсү; бири бирин колдоосу; айлана-чөйрөдөгү адамдарды урмат кылуусу, улууларды ызаттоосу жана аларга кам көрүүсү; өздөрүнүн инсандык жеке менин баалоосу; меймандостуктун маданиятына тарбиялоосу; улуулардын оң сапаттарынан үлгү алууга үйрөтүүсү; уландар менен кыз балдарды тарбиялоодо дифференцияланган мамиле кылуусу

Жогорудагылардан көрүнүп тургандай кыргыздардын гуманисттик сапаттарга тарбиялоо салттары да башка элдердикине окшош болуу менен алар жалпы адамзаттык баалуулуктар менен байланышып турат жана алар акындар поэзиясында кеңири чагылдырылган.

Калык Акыевдин гуманисттик ойлору да жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен айкалышып турат.

Жакшы болсоң жатык бол,
Шайыр сөздү ким укпайт.
Баатыр билек балбан кол,
Арбын иштеп аз уктайт.
Алабарман адамга
Акыл айтсаң асты укпайт.

Бактысы бар адамдын
Балдарынан чыр чыкпайт.
Оройлорго сөз айтсаң,
Оңурандап, тырчыктайт.
Ойго, тоого урунуп,
Ошондон он ооз сыр чыкпайт.
Жакынынан жат болуп,
Андай, Жамандык иши кырсыктайт.

Калык ырчынын көркөм интерпретациясында жакшы болуу түшүнүгү жатык болуу түшүнүгү менен байланышат, ал эми эмгекчил адам арбын иштеп, аз уктайт, алабарман адам болсо акыл айтсаң да укпайт. Бактылуу адамдын бактысы – балдарынын ынтымактуулугунда, анын тескерисинче, бактысыздык – балдардын улам чырлашып тургандыгында. Орой адамга сөз айтсаң оңуруңдайт, тырчыктайт, демек, сөз укпайт, сенин айткан сөзүң, акыл-насаатың талаага кетет дегендик. Ошондой адамдар жакындарынан, туугандарынан бара-бара жат болуп, акыры мындай жамандардын иши кырсык менен аяктайт. Адам жөнүндө бул түшүнүк кыргыз элинин таалим-тарбия эрежелери менен да айкашат, ошол эле кезде улуу гуманист педагогдордун, Кайра жаралуу доорундагы агартуучулардын идеялары менен да айкалышып келет.

Мына дагы Калык Акиевдин гумандуу жакшы адамдарга берген баасы, алардын салмагын таразалаган таразасы:

Ар кимге жаман санабай,
Ачык болот эр киши.
Адамдын көөнүн калтырбайт,
Азамат эрдин белгиси.
Керек деген буюмун
Адамдын келет бергиси.
Андай эрдин алдына,
Ар кимдин келет келгиси.
Акылы бар азамат,
Аздырбай айлын сакташат.
Ак ниеттигин билген соң,
Адамдын баарын макташат.
Билими бар жигиттер
Мүдүрүлбөй так басат.
Андан үлгү алгандар,
Ар дайым ишин такташат [1, 253 бет].

Демек мындай оң сапаттагы адамдын белгилери: ачык болушу; адамдын көөнүн калтырбашы; керек деген буюмун ар кимге бериши; аздырбай айлын сакташы; билимдүү болушу.

Ал эми мындай сапаттагы жакшы адамдын тескериси:

Жаман болсо жүрүшүң,
Жар-жамаатың аксатат.
Жакыныңдан кас болсоң,
Сай-сөөгүңдү какшатат.
өз айлыңдан куулсаң,
Анда кайда барын баш батат? [1, 254 бет].

Мындагы педагогикалык идея жаман жүрүш-турушуң болсо жарыңды, жамаатыңды аксатасың, жакындарың сага терс карайт, акыры өз айлыңдан кууласың деген ой.

Кыргыз элинин уруучулук салтында адамдар уруулашып, жамааттешып жашаган, аларды уруу башчылары башкарган, эгерде ошол уруудан бирөө-жарым жаман жүрүш-турушу менен элди улам буза берсе, аны эң оор жаза – уруусунан, элинен чыгарып ийүү жазасы күтүп турган. "Эл менен сен бийиксиң, элсиз жерде кийиксиң", "Элдүү түлкү ачка өлбөйт", "Эл каргаса, жерге батпайт", "Эл ичи – алтын бешик", "Элинен безген эр оңбос, көлүнөн безген каз оңбос", "Элден безген – эр эмес, жоодон качкан – шер эмес", "Эрден чыксаң да, элден чыкпа", "Элге жаап өтсө, мага таамп өтөт", "Элге эл кошулса – дөөлөт, элден эр кетсе – мээнет", "Элди сүйгөн озоор, элден качкан – тозоор", "Элинен качканды бөрү жейт", "Эл – мазар, элден качкан – азаар", "Эл – ыйык, элден чыккан – суюк" ж.б. элдик нуска сөздөрдө элдин улуулугу, ошол эл менен бирге болуунун зарылдыгы айтылат.

Кыргыз элинин гумандуулук тууралуу педагогикалык, философиялык, эстетикалык ойлору жеке адам менен жамаатты, жамаат менен жеке адамды бирге карагандыгында.

Кыргыз маданиятынын дүйнөлүк казынага кошкон эң улуу табылгасы “Манас” эпосу – бийик гуманизмге сугарылган эпос” (Чыңгыз Айтматов) болуу менен анын ысымын дайым коштоп жүргөн “айкөл” деген накта гуманисттик сапатты билдирүүчү эпитет коштойт. Душмандын элинен келген Алмамбетти өздөрүнө эл кылып алат, Көкөтайдын ашында Бокмурун атасына аш берип, бүт баарын чакырып, Манасты чакырбай коет. Тойдон чыр чыгып, анан ошол чырды басууга айкөл Манастын гана жарышын айтышып, аны эми гана эстеп чакырганда бийик адамгерчилигин көрсөтүп, бой көтөрбөй барып, Чоң казатка кайыл болуп душман менен урушка кирет.

“Кыргыз элинин оозеки поэзиясы менен акын-ырчылардын ырларына таандык болгон орток традициялуу көрүнүштөр Жеңижоктун поэзиясына да чоң таасир этүү менен бирге, бул салт белгилүү даражада андан ары өркүндөгөн. Мисалы, жаратылыш, табият, замана жана эл абалы, жүрүш-туруш, адептүүлүк маселелери кыргыздын чоң акындарынын бардыгынан өзүнчө орун алып өзүнө гана таандык идеялар жана көркөмдүктөр менен ырдалганы белгилүү. Адамдарды жакшы сапатка үндөө, жакшы жүрүм-турум менен өмүр сүрүп, адам деген атты барктап чоң адептүүлүктү тутуп жүрүүгө көңүл койдуруу, жамандыктын көзүн таанытып андайлардан качык болууга чакыруу, өмүрдүн кызыкчылыгы эмнеде экендигин көргөзүү, кыскасы, мына ушуга окшогон өзүнчө философиялык-турмуштук мааниси бар идеялык, моралдык мотивдерди поэзия тили менен көркөмдөп ырдоо башка көрүнүктүү акындардагыдай эле Жеңижокко да чоочун эмес, ал гана эмес, бул аталгандар анын чыгармачылыгындагы негизги линиялардан болуп эсептелет” [2, 53 бет].

“Жеңижоктун Чыгыш классиктеринен алган уруттуу чыгармачылык таалими эмнеде дегенде, албетте, ырчынын терең гуманисттик идеяларында деп жооп берүү керек. - деп жазат адабиятчы Аман Токтогулов, - Гуманизм – Жеңижоктун бүткүл философиялык санаттарын, пейзаждык лирикасын, арман ырларын баштан-аяк аралап өткөн олуттуу өзгөчөлүк. Бул идеяларында ал баарыдан мурда “Адамзаттын баарысын тең жараткан эмеспи” деген өзүнүн философиялык башкы постулатынан чыгат. Демек, ар бир адам бир адамдын алдында кор болуп, бири бийлиги менен алдуу, бири бийлиги жок алсыз болуп туруусун теңсиздик деп эсептейт. “Дүнүйө” деген ырында ал адамдын өзүн тиричиликтин, жаратылыштын фонунда өзүнчө бөлүп көрсөтүп, анын сулуулугун, гармониялуу жаралганын даңазалайт, ошонусу менен ал көр тиричиликке басылган, карыптыктан чүнчүгөн кишилердин духун чыйралткысы, адамдык сыймыгын ойготкусу келет. Бирок акын адамдарга андай эркиндик кандай жол менен келерин билбейт. Ал кедейлер бай болсо, адамдык сыймыгы көтөрүлөр эле деген примитивдүү, пассивдүү гуманисттик ойлорго жетеленет. өлөр алдында:

Жабагылар тай болбой
Жардыларым бай болбой,
Кулундарым тай болбой

Курума журтум бай болбой, - деп өксүп арман кылат, “коңшу кедейге кой бөлүп бергенге жеткен жокмун” деп кейийт (“Ак куржун толо ыр калды”). Эгер социалисттик гуманизм гана реалдуу гуманизм бийиктигине жеткенин эске алсак, анда өткөн кылымдардагы эл ырчыларынын гуманизминде канчалык өксүктөр бар экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү болот. Ошого карабай, Жеңижоктун асылдыкты, коодукту баалай билүүгө чакырган, эрдикке, эр жүрөктүүлүккө үндөгөн, элдин тайманбас азаматы болууга үгүттөгөн ырлары, анын гуманисттик идеялары тилек, көксөө катары ак дилден чыкканына күбө болуп турат [3,278 бет].

Адабиятчылардын бул айткандары Жеңижок Көкө уулунун гуманисттик идеяларынын бийиктигин айгинелөөчү фактылар болуу менен кийинки адабиятчынын ойлорунда гана өз мезгилинен тегерегинен чыкпай, б.а. социалисттик реализм методунун принциптерине гана таянуу менен социалисттик гуманизмди реалдуу гуманимдин бийиктиги катары түшүнүүсүн эске албаганда жалпысынан акындын чыгармачылыгына туура баа берилген.

Жеңижок акындын гуманизми элдик тарбиялык булактар менен бирге эле түздөн түз

анын жеке турмушуна да байланышып турат. Мисалы, аны 1875-жылы 15 жаш курагында ала менен ооругандан Ташкара элден кууп чыгат, ошондо жеринен кетип жатып Бакайыр деген жерде жалгыз талды кошуп минтип ырдаган:

Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал.
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал [3, 33 бет].

Адам менен табиятын гармониясын бириктирген бул ырда жалгыз талдын тагдырына кейиген акындын ой менен ошол акындын өзүнүн ички толгонуулары ассоциацияланат. Дарактын трагедиясы Жеңижоктун поэтикалык дүйнөсүндө анын карга конор, булбул түнөк кылар бутагынын калбагандыгы, ала бакан болчу ачасынын жоголгондугу, башка дарактардан бөлүнүп калгандыгы. Бул жөн гана поэтикалык ыкма болгон менен мында өтө терең гуманисттик ойлор жатат: жалгыздык, байкуштук, баласы жоктук, бутагы да жоктук, бүгүн-эртең келүүчү өлүмдү гана күтүп жашагандык.

Мына ушул чыгарманы сабак процессинде талдоодо кыргыз адабияты мугалимдери бир нече усулдук ыкмаларды колдонуп жүргөндүгүн изилдеп чыктык.

Бул ыкмаларда башкы планда Женижоктун поэтикалык дүйнөсүндөгү гумандуулукту алып чыгуу милдети турат,акындын адамкерчилиги бул жалаң гана адамга кылган мамиле менен чектелбейт, бул жерде анын бийиктиги Бакайырда, талаада ээн өсүп турган, эч ким дале байкабаган жалгыз тал менен байланышат. Жалгыз тал кандайдыр бир даражада дүйнөнүн, табияттын,адамдын символу болуп кетет, жалгыз талдын трагедиясы,адамдын, табияттын, жалпы дүйнөнүн трагедиясы. Женижок дал ошол бийиктикке көтөрүлөт.

АДАБИЯТТАР:

1. Акыев К. Чыгармаларынын 3 томдук жыйнагы. Т-2.- /Түзгөн М.Р.Рахимова. - Б., 2003.
2. Үмөталиев Ш. Жеңижок Көкө уулу / Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. - Ф.: Илим, 1988.
3. Токтогулов А. Жеңижок. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө. Китепте: Токтогулов А. Таберик. - /Түзгөн Т.Казаков. -Б.: КЭБР, 1997.

УДК 378. 147-356

Н.О. Мааткеримов, Д.С.Сагимбекова

*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## О НЕКОТОРЫХ ВОПРОСАХ ФОРМИРОВАНИЯ ПЕДОГОГИЧЕСКОГО ПРОФЕССИОНАЛИЗМА

*В статье рассматриваются некоторые психолого-педагогические предпосылки формирования профессионализма у будущих учителей. Выяснены отдельные аспекты поведенческих характеристик профессиональной направленности.*

Время, на протяжении которого и пространство, в котором развивается образование, все время меняются: трансформируются старые и возникают новые проблемы, от ответов на которые зависят наши дальнейшие решения. Отдельные педагоги придерживаются мнения о том, что внедрение каких-либо методических указаний, рекомендаций и описываемых инновационных дидактических приемов малоэффективно, поскольку пишут их одни специалисты или педагоги на основе определенной образовательной, практики и в некой социокультурной ситуации, а «внедряют» уже другие специалисты и в иной образовательной и социокультурной среде [1,3]. Между этими ситуациями нет и не может, быть абсолютной идентичности, поэтому часто мы имеем на выходе «внедрения» результат, мало похожий на первоначальный замысел.

Само понятие «внедрение» есть признак технократического способа действия, что несовместимо с педагогической деятельностью, которая по определению, является человекосооб-